КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын VI-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 14-сентябрь № 52** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын биринчи орун басары А.А.Касымалиевдин төрагалыгында болгон экинчи кеңешменин №18-7546 протоколунун, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 3-сентябрындагы чыгыш №01-49-4768 катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү” жөнүндөгү 2023-жылдын 11-августундагы №179 Мыйзамынын 4-бөлүмүнүн 14-беренесине, 8-бөлүмүнүн 28-беренесине ылайык, Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин мектепке чейинки билим берүү мекемелерине балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу, коопсуз өнүгүү чөйрөнү уюштуруу үчүн бөлмөлөрдү оптимизациялоо тууралуу маалыматын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасында балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу боюнча чаралар” долбоорун этап-этабы менен ишке ашыруу үчүн 2024-2026-жылдарга тандалган Барскоон айылындагы Орунбаев Турганбай атындагы МЧББУна 4 тайпа, Байчечекей” МЧББУна 2 тайпа, Тосор айылындагы “Бугу-Эне” МЧББУна 2 тайпа ачууга макулдук берилсин.

2. Орунбаев Турганбай атындагы МЧББУна кошумча кошулуп жаткан 100 тарбияланууучу баланын тамак-ашына 3 айга 28 сомдон 182 000 (бир жүз сексен эки миң) сом, Тамга айылындагы “Байчечекей” МЧББУна 30 балага 30 сомдон 58 500 (элүү сегиз миң беш жүз) сом, Тосор айылындагы “Бугу-Эне” МЧББУна 50 балага 30 сомдон, 97500 (токсон жети миң беш жүз) сомдон жергиликтүү бюджетин эсебинен бөлүнүп берилсин.

3. Ушул токтом масссалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облусттук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

4. Токтомдун тиешелүү иштерди алып баруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, а/ө -1 нуска, юстицияга- 2 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска